*УДК: 811.512.161.*

***Акалын Режеп,***
*К.Карасаев атындагы БГУнун аспиранты*
*e.mail:kerimtuzcu@hotmail.com*

# СӨЗ ЖАСОО УЯСЫНЫН ТҮРК ТИЛ ИЛИМИНДЕ ИЗИЛДЕНИШИ

***Аннотация***: *Макалада түрк тилдериндеги жаңы сөздөрдү уюштуруу маселеси кеңири каралган. Советтер Союзунун доорундагы, ошондой эле Батыш илимпоздорунун эмгектери кеңири талдоого алынып, иликтөөгө алынган маселе боюнча ой-пикирлер толук камтылган. Бардык илимий көз караштар түрк тилинин тилдик бирдиктерин мисал келтирүү менен бекитилген.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *морфология, тил илими, сөз жасоо, салыштырма грамматика, анализ.*

***Аннотация***: *В данной статье рассмотрены проблемы образования новых слов в тюркских языках. Были выявлены основные особенности образования слов на основе корней в турецком языке. Все научные взгляды укреплены на примерах турецкого языка.*

***Ключевые слова:*** *морфология, лингвистика, словообразование, сопоставительная грамматика, анализ.*

Азыркы түрк тилинде жогоруда белгилеп кеткендей, сөз жасоо маселеси XX кылымдын 30-жылдары эле колго алына баштаган. Түрк тил илиминдеги алгачкы изилдөөлөр сөз жасоо пероблемасын изилдөөдөн башталат деп да айтууга болот. Алгач түрк тилчи окумуштуулары сөз жасоо боюнча материал топтоодон жана системалаштыруудан, андан ары бүгүнкү күндө да абдан кызыктуу илимий иштердин жүргүзүлүшүнө түрткү болуп жаткан сөз жасоо жолдорун жана каражаттарын изилдөөнү колго алышкан. Туркиядагы тил илиминин өкүлдөрү башкалардан айырмаланып, сөз жасоонун проблемаларын терең изилдей турган илимий эмгектерди жазышкан. Түрк окумуштууларынын арасында сөздүн семантикасына болгон кызыгуу сөз жасоо маселесин терең изилдөөгө түрткү берген. [1]

“Түрк тили үчүн башка тектеш тилдерге караганда алда канча өнүккөн, колдонууга ийкем сөз жасоо системасы мүнөздүү. Анын өзүнчө себептери бар. Ириде ал түрк тилинин тарыхый жактан өнүгүшүнө байланыштуу, экинчиден, түрк коомчулугу менен түрк мамлекеттигин эчен кылымдан бери эле ар тараптан жана үзгүлтүксүз тейлеп келе жаткан тил да – түрк тили. Ошентсе да, Түркияда түрк тилинин сөз жасам системасы жиктелип, өзүнчө бир илимий багыт катары иликтенбей келет. Ушундан улам түрк окумуштуулары тарабынан даярдалган эмгектерде сөз жасоого байланыштуу малыматтар морфология менен чогуу берилип жүрөт .[2]

“Кыргыз жана түрк тилдеринин салыштырма грамматикасынын негиздери” деген эмгекте Түрк тилинин сөз жасоо системасын кыргыз тилине салыштырып изилдөөдө төмөнкү үч булакка таянууга боло тургандыгы айтылат: академик А.Н.Кононовдун “Грамматика современного турецкого литературного языка” [3] деген эмгеги, Э.В.Севортяндын “Аффиксы глаголообразования в азербайджанском языке” (1962) жана “Именное словобразование в азербайджанском языке” (1966) деген азербайжан тилиндеги зат жана этиш сөздөрдүн жасалышына арналган илимий эмгектери [5].

Советтик мезгилде түрк тилдерин ар тараптан терең изилдөөлөргө алынган. Мындай эмгектенүүнүн натыйжасында түркологдордун көңүлүн буруп, кызыктырган көптөгөн тил маселелери пайда болгон. Алсак түрк тилдериндеги сөз жасоо проблемасы. Түрк тилдериндеги анын ичинде түрк тилинин дагы сөз жасоо жолдору жана ыкмалары абдан татаал жана колдонулуш аймагы бар. Аффиксация жолу алардын ичинен эң актуалдуусу болуп саналат.

Морфологиялык белгилери боюнча түрк тили аглютинативдүү тилдердин катарына кирет. Сөздүн морфологиялык составы боюнча уңгу жана мүчөдөн турат.

Түрк тилинде сөз жасоо жолдорунан морфологиялык жана синтаксистик жолу кеңири пайдаланылат. Түрк тилинде кыргыз тили сыяктуу эле куранды мүчөлөр кеңири пайдаланылат. Бирок кыргыз тилине караганда сөз жасоонун морфологиялык жолу б.а. уңгуга куранды мүчө улап жаңы сөз жасоо кыйла жогорку деңгээлде өнүккөн. Уңгуга куранды мүчө жалгоо аркылуу жаңы сөздөр жасалат, куранды көбүнчө төл сөздөргө жалганат.

Сөз жасоонун синтаксистик жолу да пайдаланылат. Мындай жол аркылуу мисалы атооч сөздөр менен этиш сөздөр биригип, татаал этиштер көп жасалат.

Түрк тилине салыштырмалуу кыргыз тилинде морфологиялык жол дагы, синтаксистик жол дагы кеңири пайдаланылат.

Сөз жасоо проблемасынын түрк тилинде изилдениш абалын жана сөз жасоонун табиятын илик-

теген тилчи-окумуштуулардын кошкон салымын баалоодо түркиялык изилдөөчүлөрдүн эмгектерин атабай кетүү мүмкүн эмес. Тактап айтканда, бул проблема түрк лингвисттерин кызыктырган маселелердин бири деп айтсак жаңылышпайбыз. Алардын ичинен турк тилин атайын изилдеп, индоевропеистиканын көз карашынан жазылган Ж.Денинин жана Т.Бангуоглунун грамматикасы, сөздүн тутумуна жана жасалыш ыкмаларына арналган М.Ергин, Б.Аталай, О.Демиржан, А.Ержиласун, М.Хенгирмен жана башка көптөгөн авторлордун эмгектери илимий жактан дээрлик жогорку баага татыктуу. Совет окумуштууларынын ичинен академик А.Н.Кононовдун "Грамматика современного турецкого литературного языка" аттуу фундаменталдуу эмгеги илимий жактан өз наркын бүгүнкү күнгө чейин жоготпой келет.[3]

Т.Бангуолгунун 'Türkçenın grameri' (1995) деген эмгегинде сөз жасоо боюнча төмөнкүдөй аныктама берилет: "Bir dilin kelime dağarcığı nasıl milli sermaye sayılıyorsa o dilde kelime yapımı da milli üretim sayılır. Zamanın getirdiği buluişlar, dinler, fikir akımları dilde yeni kavramları karşılamayı gerektidir. Tabii olarak her milli dil bu işi kendi yapısından kelimeler yaratarak başarmak eğilimindedir. Buna **kelime yaratmak** deriz."

Жогоруда биз карап, анализге алган эмгектердин дээрлик бардыгында: илимий эмгек, диссертация, макалалардан көрсөтүлгөндөй сөз жасоо маселесин өзүнчө изилдеген эмгек аз эмес. Бирок буларда тилдин туунду сөз маселелери грамматиканын морфология бөлүмүнүн ичинде каралган. Кыргыз тилинде сөз жасоо проблемалары сөзсүз түрдө тилдин өзүнчө бөлүмү катарында изилдениши зарыл экендигин белгилеп кетүүгө болот.

Кийинкиде биз талдап, анализге алган илимий эмгектердеги сөз жасоо жана анын бирдиктерине, тактап айтсак сөз жасоо уясын сыпаттого тиешелүү түшүнүктөр менен бирдиктерге токтолуп кетмекчибиз.

***Адабияттар***


1. *Ağakay, Mehmet Ali. Kelime Yapma Yolları, İstanbul, 1943; Atalay Besim. Türk Dilinde Ekler Ve Kökler Üzerine Bir Deneme, İstanbul, 1942; Atalay Besim. Türkçede Kelime Yapma Yolları. İstanbul, 1946.*
2. *Бангуоглу, 1995; Гуленсой, 2000; Гунеш, 1977; Ергин, 1994; Хенгирмен, Стамбул,1995.*
3. *Кононов А.Н. Грамматика современного турецкого литературного языка. - М.-Л., 1956.*
4. *Садыков Т., Сагыбаева Б., Кыргыз &түрк салыштырма грамматикасынын негиздери ,Бишкек: 2010.*
5. *Севортян Э.В. Аффиксы глаголообразования в азербайджанском языке. - М.: Изд-во вост. лит., 1962. 643 с., Севортян Э.В.Аффиксы именного словообразования в азербайджанском языке. - М.: Наука, 1966.*